# Эмгек келишим №3

М.Шейшеналиев атындагы 15- сентябрь 2021-жыл

(келишимдин түзүлгөн орду)

М.Шейшеналиев атындагы орто мектеби мүдүрү Абдырахманова С. К бир тарапатан, мындан ары мектеп жана Бектенова Р. Уч мындан ары мугалим экинчи тараптан төмөндөгүлөр жөнүндө келишим түздүк.

1. Эмгек келишимдин түрү: жылга чейин мөөнөтсүз.

1.1 Эмгек келишимдин башталган күнү: 15.09. 2021-жыл

## 2. Келишим негизи.

Бул келишим тараптын макулдашуусу боюнча иштейт , ага ылайык мектеп мугалимге кызматтык милдетин жүктөйт (тапшырат), едагог өз тарабынан мугалимдик милдеттин аткарганга убадаланат. Андан тышкары мектептин ички эмгек тартибин сактоо менен кошумча төлөнүчү милдеттер жүктөлөт:

-жазуу иштери жана дептер текшкрүү;

-класс жетекчилик;

- кабинет жетекчилик;

## 3. Тараптардын милдеттери

3.1. Педагог төмөндкүлөргө милдеттүү:

3.1.1. тартипти сактоо, мектептин буйруктарын өз убагында жана так такаруу менен ак дилден иштеп, чынчыл болууга;

3.1.2. мектеп буюмдарына аяр мамиле жасоого;

3.1.3. белгиленген эмгек нормаларын аткарууга;

3.1.4. окуучуларды окутуп, тарбиялоодо берилүүчү сабактын спецфикасын эске алууга, буйрук менен бекитилген класстардын окуу жүктөмүнө ылайык сабактарды жана окуу көнүгүүлөрүнө өтүүгө;

3.1.5. мектепте колдонуп жаткан окуу программаларын, окуу планына жана сабактардын жүгүрмөсүнө ылайык жүзөгө ашырууга;

3.1.6. окуучулардын даярдоо деңгелин мамлекеттик билим стандартына ылайык келтирүүнү камсыз кылууга;

3.1.7. билим берүү учурунда эмгекти коргоонун ченемдердин жана эрежелерин аткарууга, техникалык коосуздукту, өндүрүштүк санитарияны, өрткө каршы коргоонууну, окуучулардын саламаттыгын жана өмүрүн коргоону камсыздоого;

3.1.8. белгиленген тартиптекласстык документанцияны жүргүзүүгө , мектепке кабыл алынган системага ылайык окуучулардын жетишкендиктерине утурумдук көзөмөл жүргүзүүгө, окуучулардын

күндөлүгүнө жана класстык журналга бааларды коюуга, мектептин адмнистрациясына өзубагы менен ишбаян (отчет) берип турууга;

3.1.9. мектептин деректорунун окуу – тарбич иштери боюнча орун басарынын буйругу боюнча убактылуу жок мугалимдин сабактарын өтүүгө ;

3.1.10. сабак өтүүгө даярданууга, өзунун кесиптик квалификациялык деңгелин үзгүлтүксүз жогорлатууга, мектепте кабыл алынган методикалык бирикмелердин жана башка методикалык иштерге катышууга;

**4. Мектепке тиешелүү милдеттер**

4.2.1. педагогдун эмгегин туура уюштуруу;

4.2.2. педагогдун кесиптик квалификациясын жогорлатуу үчүн шарттарды түзүү;

4.2.3. эмгекти коргоо эрежелерин жана эмгекти коргоо мыйзамдарын так сактоого, педагогдун керектөөлөрүнө жана суроо талаптарына көңүл коюу менен мамиле жасоо;

**5. Тараптардын эрежелери**

5.1. Педагогдун укуктары;

5.1.1. мектептин уставында аныкталган тартитеылайык мектепти жетектөөгө салымын кошуу;

5.1.2. окутуу жана тарбиялоо методикасын таңдоону жана колдоонууну, окуу китептерин жана окутучу каражаттарды, окуучулардын билимин балоо методикасын эркин тңдоо;

5.1.3. кваликациясын жогорлатуу.

**5.2. Мектептин укуктары:**

5.2.1. педагогдун ишин текшерүү (анын ичинде мугалимге алдын ала _______ мурун маалымдоо менен, сабактарына катышуу);

5.2.2. мугалимдин ишинин сапатына баа берүү;

5.2.3. мектептин уставына жана ички эмгек тартибинин эрежелеринин, жана башка локалдык ченемдик актыларын, ошондой эле ушу келишимдин шарттарынын педагог тарабынан сакталышын контролдоо;

5.2.4. эмгек мыйзамында берилген тартипке ылайык, мугалимди күнөөлүү иш кылгандыгы үчүн тартиптик жана материалдык жоопкерчиликке тартуу.

**6. Эмгек маянасын төлөө**

6.1.1. Эмгек акы төлөмүнүн тарифтик ставкасы эмгек акы төлөмү боюнча бирдиктүү тарифтик сетканы зрядына ылайык аныкталат.

**7. Эс алуу жана иш убактысы**

7.1.1. Мугалимдин иш убактысы мектептин уставы жана ички эмгек тартибинин эрежелери менен жүктөлгөн окуу расписаниеси жана кызматтык милдеттенмелери менен аныкталат;

7.1.2 жаңы окуу жылынын окуу жүктөмү мектеп тарабынан мугалимдин кезектеги өргүүгө кетишине чейин аныкталат;

7.1.3. күзгү, кышкы жана жазгы каникул убагы педагогдун иш убагы болуп эсептелет;

7.1.4. мугалимге жай мезгилинде өргүү графигине ылайык 56 календардык күнгө созулган ар жыл сайын төлөнүүчү өргүү берилет.

## 8. Келишимдин иштешин токтотуу негиздери

8.1. Бул эмгек келишим бузулушу мумкун:

8.1.1. тараптардын жазуу турундө макулдашуусу боюнча;

8.1.2. мугалимдин демилгеси боюнча , мугалим иштен бошонуу жөнүндө жазуу түрүндөгү арызы менен эки жума мурун мектептин адмнистрациясына маалымдоого милдетүү;

8.1.3. мектептин адмнистрацисына демилгеси боюнча;

8.1.4. мектептин кызматкерлеринин санын кыскартуу учурда;

8.1.5. Педагогдун квалификациясынын жетишсиздигинен улам ээлеген кызматына толук жооп бербеген учурда;

8.1.6. мугалимдин аморалдык жүрүм турумунун негизинде;

8.1.7. бир жыл ичинде мектеп уставынын талаптарын одоно бузууну кайталоодо;

8.1.8. жумушта себепсиз жок болуу ( анын ичинде жумуш куну үч саатан ашык жумуш ордунда себепсиз жок болуу);

8.1.9. педагогду өргүү мезгилинде жана убактылуу эмгекке жарамсыз мезгилинде мектептеин адмнистрациясынын демилгеси боюнча жумуштан бошотууга жол берилбейт.

## 9. Жыйынтыктоочу жоболор

9.1. Бул келишимде көрсөтүлбөгөн маселелер Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндө мыйзамы менен жөнгө салынат;

9.2. бул эмгек келишими бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада түзүлдү, бир нускасы мугалимге, экинчиси мектеп мүдүрүнө берилет.

Мудур: ____________

(Иш берүүчүнүн колу)

Мугалим:

Бектенова Р.Т. ____________

(колу)

Тараптардын даректери:

Жакыпбекова 19

с. Панфиловка
ул. Жакыпбеков 63
0705 700 952